**Азимова Алимакан Алибаевнанын “ЖОЖдун билим берүүчүлүк процессинин натыйжалуулук мониторингинин маалыматтык тутумун иштеп чыгуу” деген темадагы 05.13.01 - тутумдук талдоо, башкаруу жана маалыматтарды иштеп чыгуу адистиги боюнча техника илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына экинчи расмий оппонент, техника илимдеринин кандидаты, Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директорунун орун басары Мамбеталиева Светлана Медетбековнанын**

**ПИКИРИ**

Диссертациянын мазмуну 05.13.01 - тутумдук талдоо, башкаруу жана маалыматтарды иштеп чыгуу илимий адистигине ылайык келет жана киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн заманбап тенденциялары ЖОЖдогу олуттуу структуралык өзгөртүүлөр, билим берүү жана илимдеги интеграциялык процесстер, билим берүү кызматтары рыногунда атаандаштыктын кескин өсүшү, инновациялык билимдердин ролунун жогорулашы, билим берүүнүн мониторинг системасынын өнүгүшү санариптик трансформация, финансылык ресурстардын чектөөлөрү ж.б. менен мүнөздөлөт. Мунун баары ЖОЖдун ишмердүүлүгүн кайра ориентациялоого, жаңы методологиялык чөйрөдө билим берүүнүн сапатын баалоонун усулдарын, каражаттарын жана моделдерин олуттуу өзгөртүүнүн зарылдыгын жаратат.

Тездик менен өнүгүп жаткан санариптик экономика жогорку билим берүүгө жаңы жана эбегейсиз зор милдеттерди артып жатат. Аларды чечүү үчүн мезгилдин чакырыктарына адекваттуу заманбап баалоо каражаттары менен ЖОЖдордун билим берүү ишмердүүлүгүн баалоо системасынын функционалдуулугун өзгөртүү үчүн методологияларды жана усулдарды кайра карап чыгууну талап кылынат. Ушуга байланыштуу, ЖОЖдун билим берүү процессине мониторинг жүргүзүү системасын калыптандыруу боюнча изилдөөлөр чоң маанигее ээ

**2. Диссертацияда формулировкаланган илимий жоболордун, корутундулардын жана практикалык сунуштардын негиздүүлүгүнүн даражасы.**

Азимованын А.А. диссертациялык ишиндеги сунуштар, жыйынтыктар жана жоболордун негиздүүлүгү, эң биринчи кезекте, билим берүү процессинин натыйжалуулугунун критерийлеринин жетиштүү саны изилдегенген жана негизделген, баалоо көрсөткүчтөрүнүн системасы, диссертациянын темасына байланыштуу адабияттардын терең талдоосу, методикаларды тандоонун так сакталышы жана алынган натыйжаларды

Вх № 04-8/24
от 14.02.25г.

кылдаттык менен иштеп чыгуусу жана заманбап илимий деңгээлде кылдат иштелип чыгуусу бул иштин заманбап аткарылышын камсыз кылды.

Диссертациялык иш сапаттуу түзүлгөн жана традициялык илимий стилде даярдалган. Иштеги материалдын ырааттуу, логикалык баяндалышы анын бардык структурасында байкалат. Изилдөө максаты иштин тандаган темасына ылайык келет, ал эми автордун түзгөн милдеттери толугу менен ушул максатка жетүүгө көмөктөшөт.

Изилдөөнүн этаптык жакындан кароо ыкмасы, заманбап статистикалык ыкмаларды колдонууга, изилдөөнүн бардык жыйынтыктарын туура чагылдырууга негизделген, негизги жоболорду, корутундуларды жана практикалык сунуштарды негиздүү деп эсептөөгө мүмкүндүк берет.

**3. Илимий жоболордун, сунуштардын корутундуларынын ишенимдүүлүгү жана жаңылыгы.**

Диссертациялык иште жаңы илимий негизделген жыйынтыктар берилген, алардын жыйындысы жогорку окуу жайынын билим берүү процессине мониторингди өнүктүрүү үчүн чоң мааниге ээ. Изилдөөнүн практикалык натыйжалары М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинде билим берүүнү мониторингдөө системасын иштеп чыгууда жана ишке киргизүүдө пайдаланылган. Натыйжалардын ишенимдүүлүгү алынган теориялык натыйжалардын математикалык далилдери жана компьютердик моделдөөлөр, диссертацияда иштелип чыккан ЖОЖдун окуу процессине мониторинг жүргүзүү методикасынын алгоритми, ошондой эле изилдөөнүн натыйжаларын ишке ашыруу актылары менен ырасталат.

Диссертациялык иште жаңы илимий негизделген теориялык жана практикалык изилдөөнүн жыйынтыгында ЖОЖдорду мониторингдөөнүн негизинде башкаруу системасын өнүктүрүү үчүн маанилүү мааниге ээ болгон төмөнкү натыйжалар сунушталган:

- билим берүү бизнес-процесстерди системалаштыруу аркылуу алгоритмдерди түзүү менен айырмаланган ЖОЖдун билим берүү ишмердүүлүгүнүн мониторингинин жаңы концепциясы иштелип чыккан;
- көрсөткүчтөр системасын түзүү жана баалоо тартибинин жыйынтыгын чыгарууда автоматташтырылган системасын түзүү жана аны формат түрүндө концептуалдык чагылдырылышы менен өзгөчөлөнгөн ЖОЖдун билим берүү процессин мониторингдөөнүн методологиясы иштелип чыккан;
- ЖОЖдун билим берүү процессинин мониторинг системасынын концептуалдык жана функционалдык моделдери иштелип чыккан, ал предметтик изилдөөнүн чөйрөсүндө системалык структуралык талдоодо эл аралык стандарттарды колдонуу менен өзгөчөлөнгөн;
- ЖОЖдун билим берүү ишмердүүлүгүн тандалган параметрлер аркылуу талдоону жана өлчөөнү ишке ашырууга мүмкүндүк берген тиешелүү объекттердин берилген мүнөздөмөлөрү жана касиеттери менен айырмаланган ЖОЖдун билим берүү ишмердүүлүгүн мониторингдөөнүн маалыматтык системасынын модели сунушталган.

**4. Диссертациянын жана авторефераттын “Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө” Жободо белгиленген талаптарга ылайыктуулугу жөнүндө корутунду.**

Диссертациянын мазмуну, анын актуалдуулугу, илимий жаңылыгы жана практикалык баалуулугу, корутундулар жана сунуштар, автореферат жана берилген публикациялар Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиянын «Окумуштуу даражаларды берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 11-пунктунда белгиленген техника илимдери боюнча кандидаты илимий даражаны берүү үчүн коюлган талаптарга жооп берет.

**5. Изденүүчүнүн илимий маселени иштеп чыгууга кошкон жеке салымы, эксперименталдык жана теориялык изилдөөлөрдүн натыйжасында алынган материалдардын репрезентативдүүлүгү.**

Диссертациялык иште жеке Азимова А.А. тарабынан максаттар жана милдеттер аныкталган жана негизделген, изилдөө усулдары тандалып алынган, талдоо жүргүзүлгөн жана алынган натыйжалар жалпыланган.

Автор эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, алынган натыйжаларды иштетүүгө, усулдарды жана ыкмаларды, программалык камсыздоону иштеп чыгууга түздөн-түз катышкан. Диссертация өз алдынча эмгек болуп саналат, авторго диссертацияда колдонулган жана авторлоштор менен биргеликте жарыяланган илимий иштердин негизги идеялары таандык.

**6. Диссертациянын мазумунун, анын толуктугунун деңгээлин баалоо, автордун публикацияларын тастыктоо.**

*Киришүүдө* диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу негизделип, анын максаттары жана милдеттери, илимий жаңылыгы, алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси аныкталган. Коргоо үчүн сунушталган негизги жоболор, автордун жеке салымы формулировкаланып, иштин түзүмү жана көлөмү чагылдырылган.

*“Адабияттарга сереп салуу”* деген биринчи бапта ЖОЖдордун билим берүү ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоонун негизги тенденцияларына аналитикалык сереп берилген, алардын ишмердүүлүгүн мониторингдөө боюнча кыскача мүнөздөмө жана ЖОЖдорго мониторинг жүргүзүү үчүн маалыматтык системаларды колдонуунун негиздери каралган. *“Методология жана изилдөө усулдары”* деген экинчи бапта коюлган милдеттерди чечүүдө колдонулган материалдар жана ыкмалар берилген. *“ЖОЖдун билим берүү ишмердүүлүгүнүн мониторингинин маалыматтык тутумун моделдөө”* деген 3-бапта ЖОЖДорду мониторингдөө системасын иштеп чыгуунун методологиясына тутумдук талдоо жүргүзүлүп, аны түзүү схемасы сунушталган. Мониторинг системасынын компоненттери негизделген жана тандалып алынган, алар үчүн ЖОЖдордун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун эффективдүүлүгүн мүнөздөгөн тиешелүү баалоо көрсөткүчтөрү белгиленген. ЖОЖдордун мониторинг системасынын көрсөткүчтөрүнүн классификациясы каралып, ошондой эле

ЖОЖдордун билим берүү ишмердүүлүгүнүн интегралдык жана жеке комплекстүү көрсөткүчтөрүн эсептөө үчүн ыкма иштелип чыккан. "*ЖОЖдун билим берүү процесинин натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча маалымат тутумун өнүктүрүү жана ишке ашыруу*" деген төртүнчү бапта ЖОЖдордун билим берүү мониторингинин маалыматтык системасын куруу боюнча концепция сунушталган. Билим берүү процесстеринин эффективдүүлүгүн мониторингдөө системасынын бизнес-процесстерине моделдөө жүргүзүлүп, сүрөттөлгөн. Билим берүү мониторингинин автоматташтырылган маалыматтык системасынын архитектурасы сунушталып, иштеп чыгылган.

Жалпысынан А.А. Азимованын диссертациясы аяктаган изилдөө болуп саналат, ЖОЖдордун билим берүү ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү үчүн алгоритмдерди колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен бирдиктүү ыкма менен бириккен, актуалдуу көйгөйлөрдүн чечимдерин сунуштаган.

**7. Эскертүүлөр жана сунуштар.**

1. Мониторингдин параметрлерин баалоо системасын негиздөөдө, аларды колдонуу тартибин жаңылоону кеңири баяндап берүү керек эле.
2. Билим берүү процессине мониторинг жүргүзүү системасынын концептуалдык моделин иштеп чыгууда жана сыпаттоодо бар болгон иштеп чыгуулар менен салыштырмалуу материалды кененирээк берилиши керек эле.
3. Билим берүү процессине мониторинг жүргүзүү боюнча иштелип чыккан маалыматтык системаны практика жүзүндө ишке ашыруу маселелери колдонуучулар үчүн методикалык колдоонун кеңири ачылышын камсыз кылууну талап кылат.

Эскертүүлөр жана сунуштар диссертациянын сапатын жана анын илимий баалуулугун жогорулатууга багытталган. Айтылган сын-пикирлер жана суроолор диссертациянын негизги теориялык жана практикалык натыйжаларына эч кандай таасирин тийгизбейт жана анын жогорку деңгээлин түшүрбөйт.

**8.Диссертациянын негизги жоболорун, жыйынтыктарын, корутундуларын толук жарыяланганын ырастоо.**

Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө, анын ичинде Россияда өткөрүлгөн эл аралык жана улуттук конференцияларда баяндалган.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги тыянактары 20 илимий эмгекте чагылдырылган, анын ичинен 8 макала КРнын УАКы тарабынан сунушталган журналдарда; 6 макала эл аралык илимий конференциянын материалдарында; 2 макала РИНЦ системасында индекстелген чет өлкөлүк мезгилдүү басылмада; 1 макала Scopus системасында катталган журналда жарыяланган; Кыргызпатенттен 1 ЭЭМ үчүн программага, 1 автордук укуктук күбөлүк алынып, 1 усулдук колдонмо иштелип чыккан. Берилген басылмалар жана баяндамалар диссертациялык иштин негизги илимий жоболорун жана

жыйынтыктарын толугу менен чагылдырат. Жалпы балл саны КРнын Президентинин алдындагы УАК тарабынан белгиленген минималдуу талаптан жогору.

**9. Иштин Кыргыз Республикасында "Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө" Жободо белгиленген талаптарга ылайыктуулугу жөнүндө корутундусу.**

Азимова Алимакан Алибаевнанын "ЖОЖдун билим берүүчүлүк процессинин натыйжалуулук мониторингинин маалыматтык тутумун иштеп чыгуу" деген темадагы диссертациялык иши 05.13.01 – тутумдук талдоо, башкаруу жана маалыматтарды иштеп чыгуу адистиги боюнча техника илимдеринин кандидаты илимий окумуштуулук даражасын алууга сунушталган, ички биримдиги менен айырмаланган, өз алдынча аяктаган илимий изилдөө болуп саналат. Иш илимий жаңылыкты камтыган жана колдонмо мааниге ээ.

Диссертациянын түзүмү жана мазмуну илимий жоболорду чагылдырат жана изилдөөнүн натыйжалары КРнын Президентинин алдындагы УАКтын талаптарына жооп берет.

Автор ЖОЖдун билим берүүсүнө мониторинг жүргүзүүнүн маалыматтык системасын изилдөө боюнча бир топ олуттуу иштерди жасаган. Бул багытта ЖОЖдун билим берүү ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн кызыктуу болгон бир катар жаңы натыйжалар алынган.

Диссертацияда алынган натыйжалардын жыйындысы ЖОЖдордун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн принципиалдуу маанига ээ болгон илимий жетишкендик катары баалоого болот. Аткарылган диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиянын "Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө" Жобосундагы кандидаттык диссертацияларга коюлган критерийлерге шайкеш келет. Диссертант Азимова Алимакан Алибаевна 05.13.01 – тутумдук талдоо, башкаруу жана маалыматтарды иштеп чыгуу адистиги боюнча техника илимдеринин кандидаты илимий окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Экинчи расмий оппонент**
**техника илимдеринин кандидаты,**
**Билим берүү программаларын**
**жана уюмдарын аккредитациялоо**
**агенттигинин**
**директорунун орун басары** **Мамбеталиева С.М.**

13.02.2019 г.